**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын кезектүү**
**№9 жыйынынын**

# ПРОТОКОЛУ

11.03.2024 ж.
**Төрага: м.и.к., доцент О.И.Курбанбаев**
**Катчы: Курманбек кызы А**
**Катышкандар:21.**

***Өтүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы, 408-окуу каанасы***

**Күн тартиби:**

1. Модулдун графигин түзүү. Студенттердин сабакка катышуусу жөнүндө, сабакка келбеген студенттерди талкуулоо.
2. Ар түрдүү маселелер.

   *1. Ош мамлекеттик университетинин окуу-усулдук бирикмеси жөнүндө жобону жана профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө жобону талкулоо.*

1. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** деканат тарабынан берилген модулдун графиги менен тааныштырып, окутуучуларды модулду графикте көрсөтүлгөн саат боюнча алуусун билдирди. Модул убагында студенттин сабака катышкандыгына жана жооп бергенине карап туура баалоолорун айтып өттү. Студенттердин сабака катышуусун билип туруу үчүн окутуучуларга сабактарга фотоотчет жиберүүсүн белгиледи. **Жарыш сөзгө чыккан** кафедранын завучу Кайыпов Абдумажит Абдразакович эгер студент сабака 3 жолу катышпаса ал жөнүндө деканатка билдирүү берүү керек, ал студентке деканат тарабынан чара көрүлөт деп айтты. Отурумдун мүчөлөрү маселени угушуп, талкуулашып баары бир добуштан чечим кылат.

2. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, кафедра башчысы м.и.к., доцент Курбанбаев Омурбек Исамидинович Ош мамлекеттик университетинин окуу-усулдук бирикмеси жөнүндө жана профессордук-окутуучулук

Сканировано с CamScanner

курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндөгү жоболору менен таанышып чыгууну айтып, жоболор отурумдун мүчөлөрүнө таркатылып берилди. Отурумдун мүчөлөрү жогорудагы жоболордун максаты, милдеттери жана мазмууну менен таанышып чыкты.

***Сөзө чыккан:*** м.и.к., доцент Жунусов А.Т. Ош мамлекеттик университетинин окуу-усулдук бирикмеси жөнүндө жана профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндөгү жобосу менен таанышып чыктым, биз да илим жагынан салымыбызды кошуубуз керек, долбоор иш жүзүнө ашса университетибиздин да рейтинги көтөрүлөт, мен бул жобону колдойм.
**Улук окутуучу Саид Али Аббас Рахат** бул жобо эл аралык стандартка ылайыктуу долбоор экенин билдирип ошондой эле профессордук-окутуучулук курам үчүн өтө пайдалуу экенин айтты.
Жогорудагы маселени карап чыгып талкуулар жана сунуштарды эске алуу менен кафедранын кезектүү №9 жыйыны төмөндөгүдөй чечим кылат.

**ЧЕЧИМ:**

1. Кафедранын окутуучулары өздөрүнө тиешелүү болгон дисциплинадан графикте көрсөтүлгөн саат боюнча модул алуу милдеттендирилсин. Сабака катышпаган студеттер боюнча деканатка билдирүү берилсин.

2. Ош мамлекеттик университетинин окуу-усулдук бирикмеси жөнүндө жана профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндөгү жоболору жактырылсын жана кафедранын кезектүү №9 отурумунун протоколунун көчүрмөсү факультеттин УМС боюнча жооптуусу А.М.Базиевага берилсин.

**/Жыйындын торагасы: м.и.к., доцент** **Курбанбаев О.И.**

**Катчы:** **Курманбек кызы А.**

Сканировано с CamScanner